КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
**Ош мамлекеттик**
**университетинин**
**Окумуштуулар Кеңеши**

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
**Ученый Совет**
**Ошского государственного**
**университета**

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
**Academic Council of Osh State University**

Ош ш.,723500, Ленина к., 331,
тел.: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 24066

г.Ош,723500, ул.Ленина, 331,
тел.: (+996 03222) 22273, факс: (03222) 24066

331,Lenin Street,Osh, 723500
tel.: (+996 03222) 22273, fax: (03222) 24066

№3024 «12» 10 2016-ж.

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2016-жылдын**

**10-октябрындагы №1 жыйынынын**

## ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ

**Күн тартиби:**

**Ар түрдүү маселелер**

**Угулду:** ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор К.А. Исаков ОшМУнун юридика факультетинин Социалдык иштер кафедрасынын алдында түзүлгөн “Социалдык клиниканын” Жобосун бекитүү жөнүндөгү маселе менен тааныштырды.

**Чечим:**

ОшМУнун юридика факультетинин Социалдык иштер кафедрасынын алдында түзүлгөн “Социалдык клиниканын” Жобосу бекитилсин.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор** **К. Исаков**

**Окумуштуу катчы** **М. Байсубанов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик
университети

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИК
Ошский государственный
университет

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
Osh State University

# БУЙРУК № 921

«12» 10 2016-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинде (2016-жыл, 10-октябрь, №1 протокол) «Ар түрдүү маселелер» боюнча төмөндөгү кабыл алынган чечимдер бекитилсин:

I. ОшМУнун юридика факультетинин Социалдык иштер кафедрасынын алдында түзүлгөн "Социалдык клиниканын" Жобосу бекитилсин.

II. Негизги иштеген жери ОшМУдан башка (эмгек китепчеси ОшМУдан башка ишканада) болуп, ОшМУда айкалыштырып (совместитель болуп) иштеген медициналык адистиктерде клиникалык дисциплиналарды берген окутуучулардан сырткары, бардык окутуучуларга негизги айлык акы гана төлөнүп, бирок материалдык стимул берилбесин.

III. 1. ОшМУнун Ысык-Көл областынын Түп районунун Ынтымак айылында жайгашкан "Факел" пансионатынын аталышы "Үмүт" пансионаты деп өзгөртүлсүн;

2. Пансионаттын буга чейинки юридикалык жак катары катталган күбөлүгүн жана Уставынын аракетин токтотуу менен пансионат жөнүдөгү иштелип чыккан Жобо кабыл алынсын жана бекитилсин;

3. Ысык-Көл областтык юстиция, мамлекеттик салык кызматы жана статистика башкармалыктарында пансионаттын ишмердигине тийиштүү документтери андан ары талаптарга ылайык мыйзамдаштырылсын.

IV. 1. ОшМУнун философия жана политология кафедрасынын окутуучусу Д. Кочкоровага диссертациялык изилдөөнүн үстүнөн иштөө үчүн айлык акысы сакталуу менен чыгармачылык өргүү (01.09.2016 – 01.09.2017) берилсин.

2. ОшМУнун юридика факультетинин "Социалдык иштер" кафедрасынын ага окутуучсу Н. Патиевге диссертациялык изилдөөсүн жыйынтыктоо үчүн айлык акысы сакталуу менен чыгармачылык өргүү (01.09.2016 – 01.09.2017) берилсин.

3. ОшМУнун МИТ факультетинин ИТАС кафедрасынын ага окутуучусу А. Кудуевге диссертациялык изилдөөсүн жыйынтыктоо үчүн айлык акысы сакталуу менен чыгармачылык өргүү (01.09.2016 – 31.12.2016) берилсин.

4. ОшМУнун юридика факультетинин Кылмыш-жаза укугу жана процесси кафедрасынын ага окутуучусу Б. Токтобаевге 2000 (эки миң) сом өлчөмүндө материалдык жардам көрсөтүлсүн.

V. ОшМУнун искусство факультетинин музыка бөлүмүнүн М-1-11 тайпасынын бүтүрүүчүсү Маматкалил кызы Элбарчын Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Маданият институтунун аспирантурасына тапшырууга сунушталсын.

*Негиз: Окумуштуу катчы М. Байсубановдун рапорту, ректордун визасы*

**ОшМУнун ректору**
**профессор** **К. Исаков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик
университетинин
Окумуштуулар кеңеши

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИК
Ученый совет
Ошского государственного
университета

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
Academic Council of Osh State University
Ош ш., 723500, Ленина к., 331,
тел.: (+996 3222) 22273, факс: (03222) 24066
г. Ош, 723500, ул. Ленина, 331,
тел.: (+996 3222) 22273, факс: (03222) 24066
331, Lenin Street, Osh, 723500
tel.: (+996 3222) 22273, fax: (03222) 24066

## БУЙРУК № 1128

«12» 11 2019-ж.

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2019-жыл, 2-ноябрь, №3 протокол) «Ар түрдүү маселелер» боюнча төмөндөгү кабыл алынган чечимдер бекитилсин:

1. КРдин Эл акыны, котормочу Кожогелди Култегиндин "Атчан китеп" аттуу 15,5 басма табактан турган 2019-жылы жарык көргөн ырлар жыйнагы Токтогул Сатылганов атындагы Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлсүн.
2. ОшМУнун юридика факультетинин социалдык иштер кафедрасынын алдындагы социалдык клиниканын Жобосуна өзгөртүүлөр киргизилсин.
3. ОшМУнун биомедициналык этика боюнча комитетинин Жобосу бекитилсин.
4. ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин патология, базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын башчысы, профессор Г.В. Белов "КРдин эмгек сиңирген ойлоп табуучусу" наамына сунушталсын.
5. ОшМУнун медицина факультетинин эпидемиология, микробиология жана жугуштуу оорулар кафедрасынын башчысы, профессор И. Тайчиев "КРдин эмгек сиңирген врачы" наамына сунушталсын.
6. ОшМУнун МИТ факультетинин магистратура бөлүмүнүн магистрдик программаларына ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 22-майындагы №7 жыйынын чечиминдеги жана ОшМУнун ректорунун 2017-жылдын 23-майындагы №475 буйругундагы тектеш адистиктердин тизмесине толуктоо максатында төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн багыттардан тиешелүү түрдө бакалавр жана специалитет боюнча адистердин бүтүрүүчүлөрүн кабыл алууга уруксат берилсин:

| МИТ факультетинин магистрдик программалары | Тектеш адистиктер |
|---|---|
| **710100.** Информатика жана эсептөө техникасы (Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы; информацияны иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары). | 1. Бизнес-информатика.<br>2. Транспорттук жараяндардын технологиясы. |

ОшМУ
Кадрлар Башкармалыгы
Кирүү № ___
«12» 11

| | |
|---|---|
| **510200.** Колдонмо математика жана информатика. | |
| **710200.** Информациялык системалар жана технологиялар (Экономикадагы информациялык системалар жана технологиялар). | 1. Бизнес-информатика.<br>2. Транспорттук жараяндардын технологиясы.<br>3. Экономика.<br>4. Менеджмент. |

7. ОшМУнун табият таануу жана география факультетинде "Кыргызстанды географиясы" дисциплинасын окутууда ОшМУнун табият таануу жана географи факультетинин физикалык география, колдонмо геодезия жана табият таануун концепциясы кафедрасынын окутуучулары З. Шербаева, Б. Сатыбалдиев, А Зулушова, Ж. Шерматова, У. Исакова, Р. Шаимкулова, К. Матикеев тарабына жана А. Низамиевдин жетекчилигинде иштелип чыккан "Кыргызстанды географиясы" дисциплинасы боюнча окуу программасы жана аталган кафедраны профессору К. Матикеев, доцент М. Курманали кызы тарабынан даярдалга "Кыргыздардын тарыхый географиясы" деп аталган окуу китеби колдонууг сунушталсын.

8. ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин англи тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын улук окутуучус Гүлбарчын Сатимбековна Эргешованын атасы дүйнөдөн кайткандыгын байланыштуу, ага 6000 (алты миң) сом өлчөмүндө материалдык жарда көрсөтүлсүн.

9. ОшМУнун №4 жатаканасынын жууп-тазалоочусу Халидахан Ашим Ахунова дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу, анын үй-бүлөсүнө 12000 (он эк миң) сом өлчөмүндө материалдык жардам көрсөтүлсүн.

10. ОшМУнун кадрлар башкармалыгынын чет өлкөлүк студенттер боюнч бөлүмүнүн инспектору Мээрбү Алимжановна Исирайилованын жубайы дүйнөдө кайткандыгына байланыштуу, ага 6000 (алты миң) сом өлчөмүндө материалды жардам көрсөтүлсүн.

11. ОшМУнун эсеп бухгалтериясынын бухгалтери Нуржамал Исмаилованы иниси дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу, ага 6000 (алты миң) сом өлчөмүнд материалдык жардам көрсөтүлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчы М.Т. Байсубановдун рапорту, ректорду убактылуу м.а. З.С. Божоновдун визасы*

**ОшМУнун ректорунун убактылуу м.а.,** **З.С. Божонов**
**доцент**